- хранение, переработка и сброс отходов.

Зоны санитарной охраны устанавливаются вокруг водных объектов и водохозяйственных сооружений. Зоны санитарной охраны занимают территории вокруг соответствующего водохозяйственного сооружения, включая сам водный объект.

43. Установление водоохранных зон и полос водных объектов возлагается на местные государственные администрации по согласованию с уполномоченными государственными органами по управлению водными ресурсами и охране окружающей среды, где определенные виды деятельности ограничены или запрещены в связи с тем, что они могут вызвать загрязнение водных ресурсов или нанести вред водным объектам.

Убытки, причиненные с проведением массовых мероприятий по спорту и отдыха населения, использованием земель водного фонда для промышленных целей, строительства сооружений для удовлетворения питьевых, бытовых и иных нужд населения, возмещаются в порядке, установленном Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях.

44. Предоставление водоохранных зон у водных объектов не исключает выделение земель под полосы отвода по берегам водоемов и рек для нужд сельского, лесного и рыбного хозяйства, а также при размещении объектов с использованием возобновляемых источников энергии.

45. Государственный контроль за использованием и охраной земель водного фонда осуществляется уполномоченным государственным органом в сфере государственного надзора и контроля по вопросам экологической и технической безопасности.

**Лист согласования**

к проекту постановления Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке предоставления и использования земель водного фонда Кыргызской Республики»

| | | |
|---|---|---|
| Государственное агентство водных ресурсов при ПРК | ____________ | Таштаналиев К.Ж. |
| Министр сельского хозяйства, пищевой промышленности и мелиорации Кыргызской Республики | ____________ | Т.Токтогазиев |
| Министр юстиции Кыргызской Республики | ____________ | М.Джаманкулов |
| Министр финансов Кыргызской Республики | ____________ | К.Мукашев |
| Министр экономики Кыргызской Республики | ____________ | С.Муканбетов |
| Министр иностранных дел Кыргызской Республики | ____________ | Н. Казакбаев |
| Министр внутренних дел Кыргызской Республики | ____________ | У. Ниязбеков |
| Министр чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики | ____________ | Б.Ажикеев |
| Министр труда и социального развития Кыргызской Республики | ____________ | А.Солтонбекова |
| Министр образования и науки Кыргызской Республики | ____________ | А.Бейшеналиев |
| Министр здравоохранения Кыргызской Республики | ____________ | ~~А.Бейшеналиев~~ |
| Министр транспорта и дорог Кыргызской Республики | ____________ | Б.Бердалиев |
| Государственный комитет промышленности, энергетики и недропользования | ____________ | Ж.Сагынбаев |
| Государственное агентство земельных ресурсов при ПКР | ____________ | К.Ботобаев |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА, ТАМАК-АШ ӨНӨР ЖАЙЫ ЖАНА МЕЛИОРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА, ПИЩЕВОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ И МЕЛИОРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**

«07» февраль 2020 -жыл **ПРИКАЗ** № 34

**“Кыргыз Республикасынын суу фондусунун жерлерин пайдаланууга берүү жана колдонуу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна жөнгө салуучу таасирин талдоо Анализин жүргүзүү боюнча жумушчу топту түзүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 19-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы № 559 токтому менен бекитилген ишкер субъекттердин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоонун Методикасына ылайык, буйрук кылам:

1. “Кыргыз Республикасынын суу фондусунун жерлерин пайдаланууга берүү жана колдонуу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна жөнгө салуучу таасирин талдоо Анализин жүргүзүлсүн.

2. “Кыргыз Республикасынын суу фондусунун жерлерин пайдаланууга берүү жана колдонуу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна жөнгө салуучу таасирин талдоо Анализин жүргүзүү боюнча төмөндөгү курамда жумушчу топ түзүлсүн:

- Ж.Керималиев – министрдин орун басары, жумушчу топтун Төрагасы.

Жумушчу топтун мүчөлөрү:

- Э.Кыдыкманов – Жер жана суу маселелери боюнча бөлүмдүн башчысы;
- А.Джакшылыкова – Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы;
- М.Чыналиев – Жер жана суу маселелери боюнча бөлүмдүн жетектөөчү адиси;
- Н.Досова – экономика боюнча эксперт (макулдашуу менен);
- К.Жумалиев – финансы эксперти (макулдашуу менен);
- А.Расулов – жер жана суу маселелери боюнча юрист;
- А.Солтонов – Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Лебединовка айыл өкмөтүнүн башчысы (макулдашуу менен);
- Илгиз Сарылдык уулу – суу жерлерин пайдалануу боюнча ишкер, “Тянь-Шань Форель” ЖЧК башкы директору (макулдашуу менен).

3. Жумушчу топко, “Кыргыз Республикасынын суу фондусунун жерлерин пайдаланууга берүү жана колдонуу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбооруна жөнгө салуучу таасирин талдоо Анализин жүргүзсүн жана 2020-жылдын 20-февралына чейин кароого киргизсин.

4. Ушул буйруктун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү министрдин орун басары Ж.Керималиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Э.Чодуев**

Кол койгондор:

Министрдин орун басары Ж.Керималиев

Министрдин орун басары А.Исаев

Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы А.Джакшылыкова

Жер жана суу маселелери боюнча бөлүмдүн башчысы Э.Кыдыкманов

Уюштурууну камсыздоо жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы А.Кочкорбаев

Бекитем:
Кыргыз Республикасынын Айыл чарба,
тамак-аш өнөр жайы жана
мелиорация министри
_______________.Э.Чодуев
_______________2020-жыл

**“Кыргыз Республикасынын Суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтом долбооруна жөнгө салуучу таасирин талдоо анализи**

Иштеп чыгуу негиздери:

Жөнгө салуучу таасирин талдоо анализи (мындан ары – Талдоо анализи) “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнңндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-сентябрындагы № 559 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттердин ишмердигине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин жүргүзүү Методикасына, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин 2020-жылдын 7-февралындагы № 34 буйругуна ылайык даярдалды.

Талдоо анализин жүргүзүү мөөнөтү:
2020-жылдын 7-февралында башталды
2020-жылдын 14-мартында бүттү

Жумушчу топ:
Кыргыз Республикасынын Айыл чарба,
тамак-аш өнөр жайы жана
мелиорация министринин
орун басары, жумушчу топтун
Төрагасы_______________ Ж.Керималиев

Жумушчу топтун мүчөлөрү:
Кыргыз Республикасынын Айыл чарба,
тамак-аш өнөр жайы жана
мелиорация министрлигинин Жер жана
суу маселелери боюнча бөлүмдүн
башчысы _______________Э.Кыдыкманов

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба,
тамак-аш өнөр жайы жана
мелиорация министрлигинин укуктук
камсыздоо бөлүмүнүн башчысы _______________А.Джакшылыкова

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба,
тамак-аш өнөр жайы жана
мелиорация министрлигинин Жер жана
суу маселелери боюнча бөлүмдүн
жетектөөчү адиси _______________ М.Чыналиев

Экономика боюнча эксперт _______________ Н.Досова

Финансы боюнча эксперт _______________ К.Жумалиев

Жер жана суу укук мамилелери
боюнча юрист _______________ А.Расулов

Чүй облусунун Аламүдүн районунун
Лебединовка айыл өкмөтүнүн
башчысы _______________ А.Солтонов

Суу жерлерин пайдалануу боюнча
ишкер, “Тянь-Шань Форель”
ЖЧКнын директору _______________ Илгиз Сарылдык уулу

## I. Көйгөйлөр жана мамлекеттик кийлигишүүлөр үчүн негиздер

1. Көйгөйлөрдү аныктоо

***1-көйгөй. Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин айыл, токой, балык, аң улоо чарба керектөөлөрүнө жана энергиянын кайра жаралуу булактарынын объекттерин өнүктүрүү үчүн пайдалануу мүмкүн эместиги.***

Кыргыз Республкасында мамлекеттик менчикте турган пайдаланууга берүү боюнча жетиштүү мыйзам базасы түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Суу кодекси (2005-жыл), Кыргыз Республикасынын Жер кодекси (1999-жыл), Кыргыз Республикасынын “Суу жөнүндө” Мыйзамы (1994-жыл), жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-февралындагы “Суу боюнча улуттук кеңеш жөнүндө” № 64, “Кыргыз Республикасында суу объекттери жана суу коргоо аймактары жөнүндө” 1995-жылдын 7-июлундагы № 271, “Мамлекеттик менчиктин жер участкаларын берүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535, “Кыргыз Республикасында сууларды пайдаланууну мамлекеттик көзөмөлдөө жана эсебин алуу жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” 1995-жылдын 25-январындагы № 19, “Кыргыз Республикасынын жер үстүндөгү сууларын коргоо эрежелерин бекитүү жөнүндө” 2016-жылдын 14-мартындагы № 128 токтомдору кабыл алынган.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары мамлекеттик менчиктин жерлерин берүү жана пайдалануу укуктарынын жагымдуу негиздерин түздү.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба,
тамак-аш өнөр жайы жана
мелиорация министрлигинин Жер жана
суу маселелери боюнча бөлүмдүн
жетектөөчү адиси ________________ М.Чыналиев

Экономика боюнча эксперт ________________ Н.Досова

Финансы боюнча эксперт ________________ К.Жумалиев

Жер жана суу укук мамилелери
боюнча юрист ________________ А.Расулов

Чүй облусунун Аламүдүн районунун
Лебединовка айыл өкмөтүнүн
башчысы ________________ А.Солтонов

Суу жерлерин пайдалануу боюнча
ишкер, "Тянь-Шань Форель"
ЖЧКнын директору ________________ Илгиз Сарылдык уулу

**I. Көйгөйлөр жана мамлекеттик кийлигишүүлөр үчүн негиздер**

1. Көйгөйлөрдү аныктоо

*1-көйгөй. Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин айыл, токой, балык, аң улоо чарба керектөөлөрүнө жана энергиянын кайра жаралуу булактарынын объекттерин өнүктүрүү үчүн пайдалануу мүмкүн эместиги.*

Кыргыз Республкасында мамлекеттик менчикте турган пайдаланууга берүү боюнча жетиштүү мыйзам базасы түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Суу кодекси (2005-жыл), Кыргыз Республикасынын Жер кодекси (1999-жыл), Кыргыз Республикасынын "Суу жөнүндө" Мыйзамы (1994-жыл), жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-февралындагы "Суу боюнча улуттук кеңеш жөнүндө" № 64, "Кыргыз Республикасында суу объекттери жана суу коргоо аймактары жөнүндө" 1995-жылдын 7-июлундагы № 271, "Мамлекеттик менчиктин жер участкаларын берүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535, "Кыргыз Республикасында сууларды пайдаланууну мамлекеттик көзөмөлдөө жана эсебин алуу жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 1995-жылдын 25-январындагы № 19, "Кыргыз Республикасынын жер үстүндөгү сууларын коргоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" 2016-жылдын 14-мартындагы № 128 токтомдору кабыл алынган.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары мамлекеттик менчиктин жерлерин берүү жана пайдалануу укуктарынын жагымдуу негиздерин түздү.

Ошондой болсо да, суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу боюнча укуктук негиздер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнделгөнбөгөндүгүн белгилөө керек.

Мунун себептери, суу фондунун жерлерин пайдалануу тартиби "Кыргызстан Республикасында суу фондунун жерлерин пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 26-майындагы № 252 токтому менен жөндөлүп турган, бирок бул токтом Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы № 816 токтому менен жокко чыгарылган жагдайлар болуп эсептелет.

Азыркы учурда, суу фондунун ерлерин пайдаланууга берүү тартибин жана шарттарын жөндөөчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими жок.

Анын жыйынтыгында, айыл, токой, балык, аң улоо чарбасы, энергиянын кайра жаралуу булактарын пайдалануу боюнча объекттерди жайгаштыруу жана башка максаттарга суу фондунун жерлерин пайдаланууга кызыкдар жер пайдалануучулар ал жерлерди пайдаланууга ала албай жатышат.

Бул көйгөйдү чечүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртууда "Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун кабыл алуу менен жетишилет.

*2-көйгөй. Суу фондунун жерлеринин пайдалануу режимин бузуу.*

Азыркы учурда жерге жайгаштырууну жүргүзүү процессинде суу фондунун жерлериннин укуктук режимин бузуу көйгөйү өтө актуалдуу болу жатат. Суу фондунун жерлеринин укуктук режими Кыргыз Республикасынын Жер жана Суу кодекстери менен аныкталган.

Укуктук режим төмөнкү элементтерди мүнөздөйт: объект, объекттин абалына анын пайдаланышына укуктарды жана милдеттерди аныктоо менен таасир берүүчү субъекттер, ошондой эле башка керектүү түзүмдөр, анын ичинен анын пайдаланылуусун коргоо жана көзөмөлдөө.

Көлмөлөрдүн, суу объекттеринин суу коргоо аймактарынын, ошондой эле суу гидротехникалык курулмалардын жана суу топтомдун коргоо аймактарына жана бөлүп берүүгө ылайыкталган тилкелердин жерлери суу фондунун укуктук режиминин объекттери болуп эсептелет.

Суу объекттеринин акваториясына түздөн-түз чектешкен аймактар суу коргоо аймактары болот. Суу объекттерине түздөн-түз чектешкен суу коргоо аймактары суу жээк тилкелери болуп эсептелет, ал жерлерде бардык чарба ишмердигине, ошондой эле автоунаанын кыймылына тыюу салынат.

Суу фондунун укуктук режимин сактабоого байланышкан көйгөйлөргө төмөнкүлөр кирет:

- суу коргоо аймактарынын чек араларын аныктоо көйгөйлөрү;
- суу фондунун аймагына укуктук режимди бузууга алып келген санкцияланган объекттерди, автоунааларды жана башка каражаттарды токтотуучу жайларды жайгаштыруу;

- суу фондунун жерлерин пайдалануу укуктук режимиин бузуу менен айыл, токой, балык, аң улоо чарбаларынын, энергиянын кайра жаралуу жана башка объекттеринин курулушу.

*3-көйгөй. Суу фондунун жерлерин максатсыз пайдалануу.*

Экологиялык экспертиза жөнүндө оң корутунду жана керектүү макулдашуулар болбой жер участкаларында жүргүзүлгөн курулуштар өз билемдик менен жер участкаларын басып алуу болуп таанылышы керек, жана жер пайдалануу укугун токтотуу үчүн негиз болот. Бул жер участкасынын ээси же пайдалануучу жер участкасын кайтаруу боюнча келтирилген чыгымдарды өз мойнуна алат.

Жер мамилелеринин негизги принциптерин бузуу (жерлерди алардын максаттуу багытына ылайык пайдалануу) инфекциялык ылаңдардын таркалышына, акырында адамдардын жашоосуна коркунуч түзөт.

Ар кандай максаттуу жана ар кандай категорияларга тиешелүү көлмөлөрдүн жерлери укуктук коргоону кыйындатат. Ошол эле учурда, суу фондунун жерлеринин укуктук абалы толук жана өнүккөн болуп эсептелбейт, анткени каралып жаткан категория курамына жер участкасын киргизүү так критерии жок, ошондой болсо да бул критерий сөзсүз түрдө аталган жерлерди суу фондунун жерлерине киргизиши керек.

Мыйзамдарда орун алган ушундай кенемтелер ар кайсы ведомстволорго жана чарба жүргүзүүчү субъекттер – суу пайдалануучуларга кирген башкаруу органдарынын ортосунда жаңжалдуу абалдын түзүлүшүнө алып келет, ошондой эле суу фондуну башкаруу процедураларына терс таасирин тийгизет. Ошондуктан суу мамилелеринде ченемдик укуктук базаны жакшыртуу жакынкы келечекте актуалдуу көйгөй болуп эсептелет.

Көйгөй дарагы




2. Көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттик ийлигишүү

*2.1. Мамлекеттик кийлигишүүнүн укуктук негизи.*

Суу фондунун жерлерин башкаруу чөйрөсүндө көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттик кийлигишүүнүн укуктук негизи “Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун кабыл алуу болуп эсептелет.

*2.2. Мамлекеттик кийлигишүүнүн экономикалык негизи.*

Суу фондунун жерлерин башкаруу чөйрөсүндө көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттик кийлигишүүнүн экономикалык негизи суу фондунун жерлерин пайдаланган субъекттерди айрым төлөм түрлөрүн төлөөдөн бошотуу болуп эсептелет.

Ошондой эле, “Айыл чарбасын каржылоо” долбоору боюнча айыл чарба субъекттерин узак мөөнөттүү аз үстөктөгү жеңилдетилген насыялар менен каржылоону жүргүзгөн коммерциялык банктардын жана башка финансалык ишканлардын чыгымдарын жабуу үчүн республикалык бюджеттен субсидияларды бөлүп берүү экономикалык кийлигишүүнүн башкы экономикалык негизи болуп эсептелет.

*2.3. Мамлекеттик кийлигишүүнүн билимдик негизи.*

Чарба жүргүзүүчү субъекттердин билим деңгээлин жогорулатуу боюнча окууларды, семинарларды, тренингдерди өткөрүү иш-чараларын, ошондой эле кеңештерди уюштуруу мамлекеттик кийлигишүүнүн билимдик негизин түзөт.

3. Көйгөйлөрдүн масштабы

*3.1. Экономикалык алкакта көйгөйлөрдүн масштабы.*

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы мамлекеттин экономикасынын негизи болуп эсептелет, ал эми өсүмдүк өстүрүүнүн бардык продукцияларынын 90 пайызын камсыз кылган сугат дыйканчылыгы – айыл чарбасынын экономикасын түзөт. Экономиканын бул секторунда республиканын ИДПнын 1/5 жакын бөлүгү өндүрүлөт жана кайра иштетүү өнөр жай ишканаларын сырьелук рсеурстары, ал эми калкты – тамак-аш азыктары менен камсыз кылат.

Физикалык жана юридикалык жактарга суу фондунун жерлерин берүү жана аларды максаттуу пайдалануу Кыргыз Республикасынын агрардык экономика секторун өнүктүрүүдө чоң экономикалык мааниге ээ.

2018-жылдын 1-январына карата республикада суу фондунун жерлери 767,3 миң га аянтты түзөт.

Агроөнөр жай комплексинин иштөө эффективдүүлүгү, ошондой эле коомдо саясий, экономикалык, социалдык туруктуулук абалы көпчүлүк учурда жер ресурстарынын абалына көз каранды болот.

Кыргыз Республикасынын жер-суу ресурстарын пайдалануунун азыркы абалы өлкөнүн бакубаттуу социалдык-экономикалык өнүгүшүндө зор мааниге ээ. Он миң гектардан ашуун жерлер чарбалык пайдалануудан чыгарылган, алардын деградациялары жүрүп жатат. Жер жана суу

пайдалануу чөйрөсүндө иш-чараларды каржылоо калдык принцибинде жүргүзүлүүдө.

Суу ресурстарынын 90 пайыздан ашыгы республиканын ичинде сугатка жана айыл чарба суу керектөөлөргө колдонулат. Бирок алынган суунун көпчүлүк бөлүгү пайдаланууда жоготууларга учурайт. Мунун себептери, ирригациялык жана суу бөлүштүрүү системаларынын начар техникалык абалы, курулмалардын эскилиги, сугат сугарууда эски ыкмаларды колдонуу болуп эсептелет.

Суу чарба инфраструктураларынын объекттеринин көпчүлүк бөлүгү 1950-1980-жылдары ишке киргизилген. Азыркы учурда, жүргүзүлүп жаткан аракеттерге карабастан, ирригация секторун нак каржылоо көлөмү 1980-1990-жылдардын башталышына салыштырмалуу 4-5 эсе азайды (салыштыруу бааларында). Көпчүлүк сугат жана коллектордук-дренаждык системалар эчак эле өздөрүнүн ресурстарын түгөткөн жана нөл балансстык наркта колдонулуп жатат. Инвестициялардын өзгөчө тансыктыгы шарттарында агрардык сектордун мамлекеттик ишканалары жана эгемен суу пайдалануучулар ирригациялык инфраструктураларды техногендик авариялардын өсүү тобокелчилиги менен эң төмөнкү техникалык деңгээлде колдонуп жатышат.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдүн комплекси республиканын экономикалык алкагында масштабдуу көйгөйлөрдүн жаралышына алып келди.

*3.2. Социалдык алкакта көйгөйлөрдүн масштабы.*

Жер жана суу ресурстарын башкаруу процесстерин туура эмес жүргүзүү, материалдык-техникалык базанын кыскарышы жана чарба жүргүзүүчү субъекттерде финансалык-насыялык каражаттардын жоктугу жерлердин райионалдуу эмес бпшкарууга, аягында айылдык калктын кедей катмарынын пайда болушуна алып келди. Айылдык калктын көпчүлүк бөлүгү жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө бир эле максат - жумуш издөө үчүн кетип калды.

Айылдык калктын ишке жарамдуу бөлүгү, өңгөчө жаштар жумуш издөө үчүн айыл чарба өндүрүшүн таштап, шаар жергесине өтүп кетти.

Айыл чарба субъекттери майда чарбаларга бөлүнүп кетти, айыл чарба багытындагы жерлер да майда жер тилкелерге жер үлүштөрү катары бөлүндү, жыйынтыгында эффективсиз майда товардык айыл чарба өндүрүшү түзүлүп калды. Майда товардык айыл чарба өндүрүшүндө айыл чарба өсүмдүктөрүн которуштуруп айдоону, мал чарбасында селекциялык асыл-тукум иштерин бардык технологиялардын талаптарын сактоо менен жүргүзүү токтотулду. Айыл чарба өндүрүшү менен калктын башка катмарлары, айыл чарба адистеринен башка профессиядагы (мугалимдер, дарыгерлер, курууучулар жана башка) алектене баштады. Жыйынтыгында айыл чарба өндүрүшүндө билимдин жоктугунан жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин компетенттсиздигинен агротехнология процесстерин бузуулар болду, акырында бул көрүнүш агроөнөр жай секторунун оор абалына алып келди.

Ошондой эле, суу фондунун жерлери эффективсиз пайдаланылды, мунун натыйжасында жыл сайын 30-35 миң га жер пайдалаылбай калган, же максатсыз пайдаланылган.

Суу фондунун жерлерин пайдаланууну каалаган айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө жерлер тооруктар менен өткөрүлбөстөн Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 29-беренесинин талаптарын бузуу жолу менен берилип жатат.

Майда товар өндүрүшүнүн пайдал болуусу, материалдык-техникалык базанын кыскарышы, айылдык калктын жакырдыгы жана миграциясы, суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу укуктук негиздерин билбөө социалдык алкакта масштабдуу көйгөйлөрдүн пайда болушуна алып келди.

*3.3. Аймактык алкакта көйгөйлөрдүн масштабы*

Аймактарда 2017-жылга чейин суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу географиялык орун алышынан, материалдык, финансалык жана башка каражаттарга жетишүүдөн, жер, суу жана эмгек ресурстарынан көз карандылыгына жараша ишке ашырылган.

Ошондой эле, аймактарда суу фондунун жерлерин пайдалануу чарба жүргүзүүчү субъекттердин, дыйкан (фермер) чарбаларынын жана жеке ишкерлердин финансалык-экономикалык абалына, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен жалпы пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү жана керектөөлөрүн канааттандыруу келишүү жөндөмүнө жараша жүргүзүлгөн.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында 767,3 миң га суу фондусу, анын ичинен Баткен облусунда 69,2 миң га, Жалал-Абадда – 135,6 миң га, Ысык-Көлдө – 115,2 миң га, Нарында – 120,5 миң га, Ошто – 135,9 миң га, Таласта – 75,4 миң га, Чүйдө – 115,5 миң га бар.

Ошондой болсо да, аймактарда суу фондунун жер аянттары иштин чыныгы абалын ьолугу менен көрсөтпөйт, аймактык маанидеги көйгөйлөр бар, аларга:

- суу фондунун жерлерин максаттуу багыты менен пайдаланууну каалаган аз сандагы же таптакыр жок болгон чарба жүргүзүүчү субъекттер;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү, райондук мамлекеттик администрациялар жана өз алдынча башкаруу органдары тарабынан суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу боюнча уюштуруу, экономикалык жана башка өткөрүлө турган чаралардын жоктугу;
- - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү, райондук мамлекеттик администрациялар жана өз алдынча башкаруу органдары тарабынан суу фондунун жерлерин берүүдө жана пайдаланууда бюрократиялык тосмолордун болушу кирет.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөр аймактык алкактагы масштабдуу көйгөйлөрдүн жаралышына алып келди.

4. Кызыкдар тараптардын таасирин анализдөө (мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чарба жүргүзүүчү субъекттер, жеке ишкерлер)

Суу фондунун жерлерин пайдаланууда көйгөйлөрдү чечүүгө таасир берүүчү негизги жактар болуп эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын экономика министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу суу ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиги;
- Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана кен пайдалануу мамлекеттик комитети;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматы;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
- юридикалык жана физикалык жактар.

Экономикалык алкактагы көйгөйлөр ушул долбоордун негизги көйгөйлөрүнөн болуп эсептелет, аларга түздөн-түз Экономика министрлиги, Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматы жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду байланышкан. Алар тараптан экономикалык алкактагы масштабдуу көйгөйлөр чечилиши мүмкүн.

Социалдык алкактагы көйгөйлөр Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги, Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана кен пайдалануу мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги, жер жана суу боюнча агенттиктер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечилиши мүмкүн.

Аймактык алкактык көйгөйлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана физикалык жактар тарабынан чечилиши мүмкүн.

## 5. Окшош көйгөйлөрдү чечүү боюнча эл аралык тажрыйба

Суу объекттерин коргоого өзгөчө ылайыкталган суу фондунун жерлер категориясынын укуктук режимин жер мыйзамдарында каралат.

Россия Федерациясында жана башка КМШ өлкөлөрүндө аталган укуктук режим 60-жылдардын аягынан бери калыптанган. АКШ, Францияда, Испанияда мунун алыскы окшош институттары бар. Суу фондунун жерлер категориясы өзүнүн аныктамасында суу объекттери, гидротехникалык жана башка суу чарба курулмалары менен байланышкан.

КМШ өлкөлөрүнүн жер мыйзамдары суу фондунун жерлеринин укуктук режимин категорияларга бөлүү рамкаларында толугу менен карайт.

Ошондой болсо да, моделдүү Суу кодексин кабыл алуу азырынча ишке ашкан жок.

Бирок, айрым КМШ өлкөлөрүндө суу кодекстери жана суу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Арменияда, Беларуссияда, Казахстанда, Молдовада, Тажикистанда – суу кодекстери, Өзбекстанда – суу жөнүндө Мыйзам. Суу фондусуна мамлекеттик менчикке ылайыкташкан Казахстандын 1993-жылдагы Суу кодекси ведомстволор боюнча суу объектерин жасалма бөлүштүрөт жана суу чарба финансы механизмин ачып бербейт. Ошл эле учурда, Өзбекстандын 1993-жылдагы суу Мыйзамы суу пайдаланууда толук же жарым-жартылай төлөмгө жол берет. Өз кезегинде Кыргызстандын 1994-жылдагы суу жөнүндө Мыйзамы суу пайдаланууда, суу алып берүүдө, булганган заттарды суу жана суу объекттерине коё берүүдө төлөмдү караган.

Ошондой эле, Украинанын 1995-жылдагы Суу кодекси да суу пайдаланууда төлөмдөрдү караган (суу топтоо, коё берүү, сууларды гидроэнергетиканын жана суу транспортунун керектөөлөрүнө пайдалануу). Мында каралган каражаттар суу объекттерин талаптагыдай абалда кармоого, суу ресурстарын көбөйтүү жана коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу үчүн жиберилип турган. Ушундан улам, Украинанын негизги суу Мыйзамы суу төлөмдөрүнүн компенсациясын карайт.

Айрым эгемен мамлекттердин суу коргоо мыйзамдарында суу коргоо аймактарына жана дарыяларга, көлмөлөргө өзгөчө маани берилгенин белгилей кетүү керек. Жер жана суу укуктары үчүн ушул укуктук институт чектеш деп эсептөө керек.

Ар кандай өлкөлөрдүн суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу өзгөчөлүктөрү экономикалык, социалдык жана ьарыхий шарттары менен аныкталат.

Көпчүлүк өлкөлөрдө (Персиялык булуңдун) суу фондунун жерлери өзгөчө мааниге ээ жана көпчүлүк аспекттерде - экономикалык, социалдык, экологиялык жана башкаларда негизги ролду ойнойт.

Дүйнө жүзүндө ушундай көйгөйлөр экономикалык пландагы күчтөрдү бириктирүүнүн эсебинен чечилет.

Кыргыз Республикасында суу фондунун жерлерин пайдалануудан келип чыккан көйгөйлөрдү, аны ааламдашуу шарттарында эл аралык тажрыйбаларды киргизүү менен чечүү өтө керек, Кыргыз Республикасынын мында аркы өнүгүүсү ушундан көз каранды.

6. Мамлекеттик жөндөө

*6.1. Мамлекеттик жөндөө максаты.*

Мамлекеттик жөндөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин башкаруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү болуп эсептелет.

*6.2. Мамлекеттик жөндөөнүн милдеттери.*

Мамлекеттик жөндөөнүн милдеттери болуп эсептелет:

- суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу маселелерин чечүүдө чарба жүргүзүүчү субъекттер жана жеке ишкерлер үчүн шарттарды түзүү;
- суу фондунун жерлерин өз максаты менен пайдаланган чарба жүргүзүүчү субъекттерге жана жеке ишкерлерге кызыктыруу жолу менен мамлекеттик колдоо көрсөтүү (субсидиялар, жеңилдетилген насыялар, техника лизинги);
- суу фондунун жерлерин пайдалануу боюнча чарба жүргүзүүчү субъекттердин, алардын мүчөлөрүнүн жана жеке ишкерлердин билим деңгээлин жогорулатуу боюнча окутуу иш-чараларын жүргүзүү;
- суу фондунун жерлерин пайдаланууда эл аралык алдыңкы жана илимий жетишкендиктерди практикага киргизүү, аларды айыл чарба субъекттери арасында үгүтөө.

7. Максатка жетүүнүн индикаторлору

*7.1. Максатка жетүүнүн сапаттуу индикаторлору.*

Максатка жетүүнүн сапаттуу индикаторолору болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин башкаруу чөйрөсүндө ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу;
- суу фондусун пайдаланган экономикалык күчтүү, туруктуу жашоого ылайыкташкан айыл, токой, балык, аң улоо, энергиянын кайра жаралуу булактарын пайдаланган чарбаларды түзүү;
- суу фондунун жерлерин коргоо жана рационалдуу пайдалануу боюнча чарба жүргүзүүчү субъекттердин жоопкерчилигин көтөрүү;
- жер-суу пайдалануу төлөмдөрүнүн экономикалык механиздеринин тартибин аныктоого өтүү;
- суу фондунун жерлерин пайдалануу чөйрөсүндө билимин жогорулатуу боюнча илимий процесстерге 50 пайыздан кем эмес айыл чарба субъекттерин тандоо жана тартуу.

*7.2. Максатка жетүүнү сандык индикаторлору.*

Максатка жетүүнүн сандык индикаторолору болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- суу фондусун пайдаланган айыл, токой, балык, аң улоо, энергиянын кайра жаралуу булактарын пайдаланган чарбалардын санын көбөйтүү;
- суу фондунун жер аянттарын өз багыты менен мындан ары пайдалануу үчүн бериле турган суу фондунун жер аянттарын көбөйтүү жана суу фондунун пайдаланылбаган жер аянттарын кыскартуу;
- суу фондунун жерлеринен алынуучу өндүрүлүүчү продукциянын сапатын жана көлөмүн көбөйтүү;
- суу фондунун жерлерин башкарууга тартылган мамлекеттик органдардын административдик чыгымдары;
- суу ресурстарын эффективдүү пайдаланууну жана башкарууну камсыз кылган суу секторун өнүктүрүү боюнча долбоорлорго инвестициялык чыгымдар;
- мамлекеттик жер жана суу программаларында аныкталган долбоорлор.

**II. Жөндөө варианттарын аныктоо**

Жөндөөнүн 3 варианты тандалып алынды:

- "бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" жөндөө варианты;
- "Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун кабыл алуу жөндөө варианты;
- "Кыргыз Республикасынын Суу коексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу альтернативдүү жөндөө варианты.

1. *"Бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" жөндөө варианты.*

1992-жылдан 2017-жылга чейин суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 26-майындагы № 252 токтому менен бекитилген Кыргызстан Республикасынын суу фондунун жерлерин пайдалануу тартиби жөнүндө Жобого ылайык жөндөлүп келген.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогоруда көрсөтүлгөн токтому Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишкердик ишин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" № 816 токтому менен күчүн жоготкон.

Суу фондунун жерлерин башкаруу чөйрөсүндө мыйзам базасынын жана азыркы абалынын анализи Кыргыз Республикасында ушул маселе өтө курч турганын көрсөттү, адаттагыдай эле айыл, токой, балык, аң улоо, энергиянын кайра жаралуу булактары чөйрөсүндөгү көйгөйлөр актуалдуу бойдон калууда.

Баштапкы этапта суу фондунун жерлерин башкаруу чөйрөсүндө мыйзам базасын жакшыртпай туруп, суу фондунун жерлерин пайдаланууга кызыкдар чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишмердиктеринин мындан аркы аспектери жөнүндө сөз кылыштын креги жок.

"Бардыгын кандай болсо, ошондой калтыруу" жөндөө вариантында суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу маселелери чечилбейт, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программалык документтеринде жана тапшырмаларында көрсөтүлгөн, белгиленген пландар жана иш-чаралар аткарылбаган абалга келет жана үзгүлтүккө учурайт.

2. “Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун кабыл алуу жөндөө варианты.

*2.1. Жөндөөнүн амалы жана механизми.*

Кыргыз Республикасынын Суу кодекси (85-берене) менен ирригациялык, дренаждык системалар жана суу чарба курулмалары ээлеген жерлерден сырткары суу фондунун жерлери айыл, токой, балык, аң улоо чарбаларына, энергиянын кайра жаралуу булактарын пайдалануу боюнча объекттерди жайгаштырууга жана башка максаттарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин негизинде берүү мүмкүнчүлүгү аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 92-беренесине ылайык суу фондунун жерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен жер участкасын максаттуу багытына каршы келбеген мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга физикалык жана юридикалык жактарга айыл, токой, балык, аң улоо чарбаларынын, энергиянын кайра жаралуу булактарынын объекттерин жайгаштыруу жана башка максаттар үчүн берүү мүмкүн.

Бирок, азыркы учурда суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартибин жөндөгөн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими жок.

Суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобонун долбооруна ылайык суу фондунун жерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин негизинде мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга бөлүп берүү тартиби менен берилет.

Ижарадан башка мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу кыска мөөнттүү 5 жылга чейин жана узак мөөнөттүү 50 жылга чейин болушу мүмкүн.

Энергиянын кайра жаралуу булактары боюнча объекттерин жайгаштырууда суу фондунун жерлери 50 жылга берилет.

Суу фондунун жерлерин айыл, токой, балык, аң улоо чарбаларынын, энергиянын кайра жаралуу булактарынын объекттерин жайгаштыруу керектөөлөрү үчүн берүү физикалык же юридикалык жактардын арызы, жергилктүү өз алдынча башкаруу органдарынын, суу чарба, токой чарба, энергиянын кайра жаралуу булактарын колдоо жана өнүктүрүү боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жер участкаларынын жайгашкан дареги боюнча берүү өтүнүчү негиз болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 29-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535 токтому менен бекитилген мамлекеттик мнечиктин жер участкаларын берүү тартиби жөнүндө Жобого жана ушул жобого ылайык физикалык жана юридикалык жактарга суу фондунун жерлерин берүү ижара келишимин түзүү укугуна тооруктарды жүргүзүү жолу менен берилет.

Суу фондунун жерлерин мөөнөттүү (убактылуу) айыл, токой, балык, аң улоо чарбаларынын, энергиянын кайра жаралуу булактарынын объекттерин жайгаштыруунун керектөөлөрү үчүн берүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган айлана чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан иштелип чыгат.

Суу фондунун жерлерин мөөнөттүү (убактылуу) энергиянын кайра жаралуу булактарынын объекттерин жайгаштыруунун керектөөлөрү үчүн берүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган энергиянын кайра жаралуу булактарын колдоо жана өнүктүрүү боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечимин алгандан кийин 5 жумушчу күндүн ичинде иштелип чыгат.

Суу фондунун жерлерин пайдаланышына жана корогоосуна көзөмөл жүргүзүү экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аркылуу жүргүзүлөт.

*2.2. Жөндөө таасири.*

“Кыргыз Республикасынын суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун долбоорун кабыл алуу чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана жеке ишкерлердин чарбалык-финансалык ишмердиктерине жагымдуу таасир берет.

*2.3. Күтүлүүчү жагдайлар.*

2-вариантты ишке ашырууда күтүлөт:

*2.3.1. Мамлекет үчүн.*

- суу фондунун жерлерин берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртуу;
- суу фондунун жерлерин башкаруу боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана жеке ишкерлердин өз ара аракеттери маселелерин чечүү;
- жаңы жумуш орундарын түзүү менен калктын жумуштуулук маселелерин чечүү, ушундан улам социалдык мүнөздөгү маселелердин чечилиши күтүлүүдө.

*2.3.2. Чарба жүргүзүүчү субъекттер, жеке ишкерлер жана калк үчүн.*

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушталып жаткан токтом долбоорун кабыл алуу суу фондунун жерлерин пайдалануу жөнүндө чечимди кабыл алууда дыйкан (фермер) чарбаларына, айыл чарба кооперативдерине, акционердик коомдорго, жеке ишкерлерге жагымдуу таасир берет;
- чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана жеке ишкерлердин суу фондунун жерлерин пайдалануудан чарбалык-финансалык ишмердигин кызыктыруу жолу менен экономикалык жакшыруу;
- аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары менен байланышта суу фондунун жерлерин башкарууда чарба жүргүзүүчү субъекттерге жана жеке ишкерлерге шарттарды түзүү;
- чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана жеке ишкерлердин мүчөлөрүнүн укуктарын суу фондунун жерлерин башкаруу боюнча алардын ишмердигине катышуу жолу менен ишке ашыруу.

*2.4. Ишке ашыруу тобокелчиликтери.*

2-вариантты ишке ашырууда:

- суу фондунун жерлерин алууга жана тооруктарга катышууга кызыкдар эмес чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана жеке ишкерлердин тобокелчиликтери;

- суу фондунун жерлерин пайдалануу боюнча сууга болгон жогорку ижара акыларына жана тарифтерине байланышкан тобокелчиликтер;

- суу фондунун жерлерин пайдаланууга берүүдө аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коорупциялык схемалардын болушуна байланышкан тобокелчиликтер.

*2.5. Укуктук анализ*

Суу фондунун жерлерин башкаруу Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик укуктук актылары менен жөдөлөт.

2.5.1. Кыргыз Республикасынын Суу кодекси (2005-жыл)

Кодекстин 85-беренесине ылайык ирригациялык, дренаждык системалар жана суу чарба курулмаларынын жерлеринен сырткары суу фондунун жерлери айыл, токой, балык, аң улоо чарбаларына, энергиянын кайра жаралуу булактарын пайдалануу боюнча объекттерди жайгаштырууга, жеңил конструкциядагы байланыш (капиталдык эмес) курулмаларына жана башка максаттарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин негизинде берүү мүмкүн.

Аянты 20 $м^2$ ашпаган байланыш курулмаларынын жеңил конструкцияларын (капиталдык эмес) тургузуу үчүн суу фондунун жерлеринен пайдаланууга берилет.

Мамлекеттик суу администрациясы айлана-чөйрөнү коргоо, суу ресурстарын башкаруу таламдарында же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен аныкталуучу дагы башка себептер боюнча Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагы боюнча же белгилүү жерлерде суу объекттеринин жээктерин пайдаланууну чектеши мүмкүн.

2.5.2. Кыргыз Республикасынын Жер кодекси (1999-жыл)

Кодекстин 92-беренесине ылайык суу фондусунун жерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен айыл, токой, балык, аңчылык чарбаларынын муктаждыктары, энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу боюнча объекттерди, жеңил конструкциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын жайгаштыруу жана жер участогунун негизги максаттуу багытына каршы келбеген башка максаттар үчүн жеке жана юридикалык жактарга мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилиши мүмкүн.

2.5.3. Кыргыз Республикасынын "Суу жөнүндө" Мыйзамы )1994-жыл)

Мыйзамдын 4-беренесине ылайык бардык суу объектилеринин, алар жайгашкан жерлердин, анын ичинде сууну коргоо зоналарына жана тилкелерине бөлүнгөн жерлердин, андагы топтолгон суу ресурстарынын жыйындысы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суу фондусун түзөт.

Кыргыз Республикасынын суу объектилерине анын аймагындагы суулар, көлдөр, мөңгүлөр, карлар, саздар, саздар, жердин үстүнө чыккан булактар, ошондой эле жер астындагы суулар топтолгон зоналар, анын ичинде дарылык-минералдык жана жылуу суулар кирет.

Кыргыз Республикасынын суу ресурстарына суу объектилеринде топтолгон жер үстүндөгү жана жер астындагы суулардын бардык түрлөрү кирет.

Мамлекеттик суу фондусу суу ресурстарынын сакталышын жана жаңыланып турушун камсыз кылуу, ичүү, чарбалык-тиричилик, өнөр жайлык, айыл чарбалык, энергетикалык, транспорттук, рекреациялык жана башка муктаждыктарды канааттандыруу, коруктардын, заказниктердин ишин жана жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жашоо жана өсүү чөйрөсүн камсыз кылуу үчүн керектеле тургандын белгилөө керек (6-берене).

Мыйзамдын 11-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү суу фондунун жерлерин бөлүү тартибин белгилейт жана аларды пайдаланууга берет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү суу мамилелерир чөйрөсүндө атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын омпетенцияларын аныктайт (12-берене).

